# ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

## БУЙРУК №340

**Жалал-Абад шаары** **2018-жыл 10-декабрь**

**Кышкы экзамендик сессияга даярдануу жөнүндө**

2018-2019-окуу жылынын кышкы экзамендик сессиясына даярдануу жана ийгиликтүү аяктоо максатында кафедра башчылары, факультеттин декандары жана тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөр төмөнкү иш чараларды аткарылуусуна.

буйрук кылам:

**§ 1**

**Кафедра башчыларына**:

1.1. Кафедранын жыйынында кафедранын жарым жылдык иши каралсын;

1.2. Кафедрага бекитилген предметтер боюнча модулдардын жыйынтыгы, студенттердин жетишүүсү анализделип, модулдун жана «Окуу процессин окутуунун кредиттик технологияларынын (ECTS) негизинде уюштуруу жөнүндөгү" жоболорго ылайык модулдарын тапшырбаган студенттер боюнча маалыматтарды тиешелүү деканаттарга сессия башталганга чейин берилсин;

1.3. Окутуучулардын жекече иш пландары, кафедралык жана тайпалык журналдар эрежеге ылайык толтурулуп, жабылып, бөлүнгөн саат жүктөмдөрүнө дал келиши текшерилсин;

1.4. Бекитилген предметтер боюнча тесттик суроолор AVNге жүктөлүүсүн жана экзамендик

Билетер түзүлүп бекитилсин:

1.5 Предметтер боюнча экзамендин суроолору атайын доскаларда илинсин;

1.6. Кафедранын жарым жылдык отчету деканатка 04.02.2019 чейин берилдирилсин;

1.7.Сессия аяктагандан кийин, студенттердин калдык билимдерин аныктоо максатында билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн катышуусу менен мониторинг жүргүзүлсүн.

**§ 2**

**Факультеттин декандарына**:

2.1. Экзамендик сессиянын жадыбалы түзүлүп, өз убагында бекитилсин;

2.2. Модулдун жарым жылдык анализи 31.01. 2019 чейин ОБга тапшырылсын;

2.3. Сессияга киргизүү кабыл алынган модулдун жана «Окуу процессин окутуунун кредиттик технологияларынын (ECTS) негизинде уюштуруу жөнүндөгү" жобосуна ылайык жүргүзүлүүсүн жана факультеттин деңгээлинде буйрутма чыгарылсын;

2.4. Жүйөлүү себептер менен экинчи модулду тапшырбай калган студенттер тастыктоочу документтери менен факультеттин декандары, колледждердин директорлору тарабынан даярдалган билдирүүнүн негизинде, окуу иштери боюнча проректордун уруксаты менен жобого ылайык модуль тапшырып, андан кийин сессияны тапшырууга уруксат берилсин;

2.5. Сессиянын жыйынтыгы менен жетишпеген студенттер жобого ылайык жайкы семестрге калтырылсын;

2.6. Сессиянын жыйынтыгы (Форма 34) сессия бүткөндөн кийинки үч күн аралыгында декан тарабынан AVN боюнча анализ жасалып ОБга тапшырылсын;

2.7. Тайпалык журналдын эрежеге ылайык толтурулушу, алардын абалы көзөмөлдөлүнсүн;

2.8. Факультеттерде сессиянын жүрүшүн көзөмөлдөөчү коомдук комиссия түзүлүүсүн;

2.9. Экзамендер жадыбалда көрсөтүлгөн убакытта, бекитилген аудиторияларда, экзаменатор жана ассистенти менен бирге жүргүзүлүшүн көзөмөлдөө;

2.10. Жагымсыз жагдайларга каршы күрөшүү бекитилген иш план менен жүргүзүлсүн;

2.11. Факультеттерде сессиянын жүрүшү боюнча пикирлерди билдирүү үчүн ишеним почталары (яүиктер), ишеним телефондору (55968, 50455, 56552, декандын телефону) окуу имараттарынын көрүнүктүү жерлерине илинсин;

2.12. Сессия учурунда деканаттын кызматкерлери тарабынан атайын кезмет, анын графиги, журнал уюштурулуп, сессиянын жүрүшү көзөмөлдөнүлсүн;

2.13. Факультеттин жарым жылдык отчету окуу бөлүмүнүн инспекторлорунун катышуусу менен факультеттин Кеңешинде каралып, ОБга 11.02.2019 чейин тапшырылсын;

**Эскертүү:** Күндүзгү бөлүмдөгү окуу акысынан карызы бар студенттерди сессияга киргизбей коюу токтотулсун.

**§ 3**

**Окуу бөлүмүнө, билим берүүнүн сапаты бөлүмүнө:**

3.1. Кышкы экзамендик сессияда студенттердин билимин ачык-айкын бааланышын көзөмөлдөө үчүн тажрыйбалуу окутуучулардан, активист студенттерден, жаштар Комитетинин мүчөлөрүнөн турган коомдук комиссия түзүлүүсүн жана комиссиянын иш аракетинин планынын бекитилүүсүн; Студенттер тарабынан наразычылык билдирилген окутуучулардын маселеси комиссия тарабынан каралып, сунуштар университеттин жетекчилигине берилсин;

3.2. Сессиянын жүрүшү жана анын ачык-айкын жүргүзүлүшү боюнча студенттерден сурамжылоо жүргүзүлсүн;

3.3. Кышкы сессиянын жүрүшү анализденип, Окумуштуулар кеңешинде маалымат берилсин.

**Негизи:** ОБнын башчысынын билдирүүсү, окуу иштери боюнча проректордун чечими.

**ЖАМУнун ректору:** **К. Ж. Усенов**

**КБнын башчысы:** **Б. Т. Осмонова**

**Юрист:** **А.Т. Акматова**

Көчүрмөсү айны

КАДРЛАР БАШКАРМАСЫ